2014-жыл, кулжа № 3 mineconom.kg

МААЛЫМАТТЫК БЮЛЛЕТЕНЬ

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги

USAID РЕФОРМА долбоорунун техникалык колдоосу менен чыгып жатат

# Кыргыз Республикасынын Экономика министри Темир Сариевдин кайрылуусу




## Урматтуу окурмандар!

Экономика министрлигинин кезектеги чыгып жаткан маалыматтык бюллетенинин барагынан кайрадан саламдашып жатканыма абдан кубанычтамын. Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке кошулуу боюнча кеңири масштабдуу кампаниянын алкагында, жарандардын арасында кошулуу процесси боюнча туура эмес түшүнүктөр болбос үчүн, бул маселе боюнча бирдиктүү позицияны түзүү үчүн бүгүнкү чыгарылыш Кыргызстандын Бажы биримдигине кошулуу перспективалары жана тобокелдиктери жөнүндө маселелерди түшүндүрүп берүүгө арналды.

Биринчи кезектеги маселелер: ББ кирүүдө Өкмөт кандай максаттарды көздөйт; кандай продуктулар экспорттолот; ББ кошулуудан баш тарткан учурда мамлекетти кандай натыйжалар күтүп турат; элдик керектөө тамак-аштардын жана товарлардын баасы өзгөрөбү; ББ киргенден кийин республика өзүнүн эгемендүүлүгүн жоготобу; "Дордой" жана "Кара-Суу" ири базарларды эмне күтүп жатат; жөнөкөй адамдын жашоосунда кандай өзгөрүүлөрдү күтсө болот; ББ Жол картасы деген эмне; ББ-бул СССРге кайтуубу; мамлекеттин эли мындан да жакшы жашайбы, жана бүтүндөй ББ мамлекеттери менен боло турган кооперативдешүү.

Ушул жана башка багыттагы керектүү маалыматтардын бардыгын министрликтин расмий веб-сайтынан www.mineconom.kg таба аласыздар.

Учурдан пайдаланып бардык финансы жана экономика чөйрөсүндөгү кызматкерлерди профессионалдык майрамы менен куттуктайм!

Биздин бирдиктүү күч аракеттерибиз мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салмактуу салым кошооруна ишенем.

Сиздерге чың ден соолук, аманчылык, профессионалдык ийгиликтерди жана жаңы жетишкендиктерди каалайм!

# Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине кошулуусу

**Негизги максат** – сатып өткөрүүчү рынокту кеңейтүү, товар жүгүртүүнү жакшыртуу, өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жакшыртуу, экономиканын экспортко багытталган секторлорунун атаандашууга жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, жаңы жумуш орундарын түзүү, калкты иш менен камсыз кылуунун абалын жакшыртуу, республиканын бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү, Бажы биримдигинин өлкөлөрүнөн Кыргызстанга зарыл болгон товарларды импорттоодо тоскоолдуктарды жоюу же азайтуу аркылуу КР экономикалык жыргалчылыгын жакшыртуу.

**Бажы биримдиги (ББ)** – бул тараптардын бирдиктүү бажы аймагын караган соода-экономикалык интеграциянын формасы, анын чегинде үчүнчү өлкөлөрдөн (Алыскы чет өлкөлөр) келип чыккан жана бул бажы аймагында эркин жүгүртүүгө чыгарылган товарларды өз ара соодалоо боюнча бажы төлөмдөрү жана экономикалык мүнөздөгү чектөөлөрү колдонулбаган (атайын коргоочу, антидемпингдик жана компенсациялык чараларды эсепке албаганда) аймак.

Бажы биримдигинде тараптар бирдиктүү бажы тарифин жана үчүнчү өлкөлөр менен сооданы жөнгө салуунун башка чараларын колдонушат.

Интеграциянын мурунку баскычы болгон Эркин соода аймагынан айырмаланып, Бажы биримдиги бирдиктүү бажы аймагында менчик өндүрүштөгү гана эмес, эркин жүгүртүүгө чыгарылган үчүнчү өлкөлөрдөн чыккан товарлардын да эркин кыймылын карайт.

Лицензия жана башка ишмердик боюнча өлкөнүн уруксат берүүчү ишмердигине эч кандай тийишүүлөр болбойт.

ББга кирүү менен Кыргызстан башка өлкөлөргө экспорттоо укугунан ажырабайт. Бажы биримдигине киргенден кийин интеграциянын кийинки этабы болуп Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке интеграциялоо саналат.

**Бирдиктүү экономикалык мейкиндик (БЭМ)** – бул тараптардын аймактарынан турган мейкиндик (Казакстандын, Россия Федерациясынын, Беларусиянын аймактары), анда рынок принциптерине жана шайкеш келтирилген укуктук нормаларды колдонууга негизделген экономиканы жөнгө салуунун бир типтүү механизмдери иштеп, бирдиктүү инфраструктурасы бар, товарлардын, кызматтардын, капиталдын, жумушчу күчтүн эркин кыймылын камсыз кылган макулдашылган салыктык, акча-кредиттик, валюта-финансылык, соода жана бажы саясаты жүргүзүлөт.

**Евразиялык экономикалык шериктештиги (ЕАЭШ)** мурунку этаптардан айырмаланып төрт эркиндикке (товарлардын, кызматтардын, капиталдын жана жумушчу күчүнүн кыймылы) макулдашылган саясат элементи кошулат. Бул макулдашуу бул же тигил тармактагы көз карандысыздыкты жоготууну билдирбейт. Бул биринчи кезекте негизги максаттык багыттарды макулдашууну билдирет.




КРдин ББга кошулуу маселелерин түшүндүрүү боюнча жаш активисттер менен жолугушуусу







## 1. ББны жана БЭМди түзүүнүн этаптары

1995-жылдын январь айында Россия, Казакстан жана Беларусия Бажы биримдиги жөнүндө макулдашууга кол коюшкан. Кыргыз Республикасы бул макулдашууга 1996-жылдын 29-мартында кошулган.

Дүйнөлүк соода уюмуна кошулуп жатып Кыргыз Республикасы 1995-жана 1996-жылдарда Бажы биримдиги жөнүндө макулдашууларга катышып жаткандыгы тууралуу ДСУнун мүчөлөрүнө маалымдаган.

2000-жылдын октябрь айында Россия, Казакстан жана Беларусия тарабынан Евразиялык экономикалык коомун (ЕврАзЭС) эл аралык уюм статусуна уюштуруу тууралуу келишимге кол коюшкан. ЕврАзЭСтин ишинин негизги багыттарынын бири болуп ББны жана БЭМди түзүү саналган.

2007-жылдын 6-октябрында мамлекет башчыларынын деңгээлинде ЕврАзЭСтин Мамлекеттер аралык кеңешинин «Евразиялык экономикалык коомунун алкагында Бажы биримдигинин укуктук базасын түзүү жөнүндө» чечими кабыл алынган (Беларусия Республикасынын, Казакстан Республи-касынын жана Россия Федерациясынын курамында). Ошол эле учурда Бажы биримдигинин комиссиясы жөнүндө, бирдиктүү бажы аймагын түзүү жана Бажы биримдигин түзүү жөнүндө ж. б. келишимдерге кол коюлган, кийинчерээк 2008 – 2009-жылдары «училтик» алкагында Бажы биримдигинин келишимдик базасын түзүүчү бир катар макулдашууларга кол коюлган.

Бажы биримдигинин негизги макулдашуулары 2010-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген.

2011-жылдын 1-июлунан тартып Россиянын, Казакстандын жана Беларусиянын чек араларында ички бажы көзөмөлү жокко чыгарылып, тышкы чек араларга которулган.

Бажы биримдигинин келишим-укуктук базасы 110дон ашык эл аралык келишимдерди камтыйт.

2012-жылдын 1-январынан тартып Бирдиктүү экономикалык мейкиндиктин 17 макулдашуусу күчүнө кирген (2014-жылдын май айына карата БЭМдин алкагында 18 макулдашуу бар).


29-майда Астана шаарында ББнын мамлекет башчылары тарабынан Евразиялык экономикалык биримдиги жөнүндө келишимге кол коюлган, ал 2015-жылдын 1-январынан тартып Бажы биримдигинин аймагында иштеп баштайт.

## 2. ББ өлкөлөрү менен болгон товар жүгүртүү

ББ өлкөлөрү – Кыргыз Республика-сынын регионалдык соода өнөктөрү болуп саналат. 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасы дүйнөлүк соода коомунун 140тан ашык өлкөлөрү менен соода мамилелерин жүзөгө ашырган. Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө ББ өлкөлөрүнүн салыштырма салмагы 40,7%, анын ичинде экспорт – 27,8% (алтынды эсепке алуу менен), 44% (алтынды эсепке албаганда) жана импорт – 44,9% түзгөн. Кыргыз Республикасынын товар жүгүртүүсүндө эң чоң салыштырма салмакты Россия Федерациясы – 27,1%, андан кийин Казакстан – 11,9% жана Беларусия – 1,6% ээлейт.

ББга кирген учурда экспортко багытталган товарлардын атаандашууга жөндөмдүүлүгү жакшырат. Бажы биримдигине кирген учурда, Кыргызстан менен Бажы биримдигинин өлкөлөрүнүн ортосунда бажы чек арасы жок болот, башкача айтканда чек арада бажылык тариздөө (оформление) болбойт. Буга байланыштуу Бажы биримдигине экспорттун көбөйүшү күтүлүүдө: баарынан мурда айыл чарба продукциялары (мөмө-жемиштер жана жашылчалар, мал чарба продукциялары жана сүт азыктары), текстиль-тигүү продукциялары жана азыркы учурда бул багытта экспорттолуучу башка товарлар.


1-сүрөт. 2013-жылы Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы (млн АКШ долл)







МААЛЫМАТТЫК БЮЛЛЕТЕНЬ
Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги
БАЖЫ БИРИМДИГИ
№ 3,
2014-жыл, кулжа


2-сүрөт. 2008 – 2013-жылдардын мезгилинде Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигинин өлкөлөрү менен товар жүгүртүүсүнүн, экспортунун/ импортунун жана калдыгынын (сальдонун) динамикасы




3-сүрөт. Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигинин өлкөлөрүнө болгон экспорттун негизги товардык позициялары:



4-сүрөт. Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигинин өлкөлөрүнүн импорту:




Демек, Бажы биримдигинин өлкөлөрүнөн импорттолуучу унга, буудайга, кантка, өсүмдүк майына, маргарин, гречкага, акшактарга, жумуртка, ар кандай консерваланган продуктуларга, кондитердик азыктарга, балык жана башка товарларга Кыргызстан менен бажылык чек аралардын жоктугунан улам баалар жеткиликтүү болот.

Ошону менен бирге Алыскы чет өлкөлөрдөн импорттолуучу (тиричилик техникалары, тигилген буюмдар, оргтехника жана башка негизинен биринчи кезекте керектелбей турган) товарларга болгон баалар кымбатташы мүмкүн.

Ошентип Бажы биримдигин түзүү Кыргыз Республикасынын экономикасына чоң таасирин тийгизди. ББнын өлкөлөрү тарабынан ББнын жаңы макулдашууларын жана эрежелерин киргизүүнүн натыйжасында, КР үчүн бул мамлекеттерге экспорттоо абдан чыгашалуу болуп калды.


АӨБдин маалыматтары боюнча Казакстан менен Кыргызстандын чек арасынан өтүү убакыттын орточо сарпталышы 2011-жылы **8,6 саатты түзсө**, 2012-жылы **21,5 саатка** чейин жогорулаган.

Натыйжада, 2010-жылга салыштырмалуу 2013-жылы алтындын экспортунун өсүшүнүн эсебинен (2013-жылы экспорттун жалпы структурасындагы алтындын экспортунун көлөмүн 36,5% түзгөн) болгон экспорттун жалпы көлөмү 14,8%га өскөнүнө карабастан, ББ өлкөлөрүнө Кыргызстандын экспорту 21,5 %га төмөндөдү (бул сүт азыктарынын, электр энергиясынын, кийимдин жана пахтанын экспортунан улам кыскарган)





5-сүрөт. 2013-ж. Бажы биримдигине жана башка өлкөлөргө болгон Кыргыз Республикасынын экспорту.




**Өлкө ББга киргенден кийин өз көз карандысыздыгын жоготпойт, анткени Бажы биримдиги товарлардын өтүү маселелерин гана жөнгө салат, алар: бажылык башкаруу, тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу, санитардык, ветеринардык, фитосанитардык талаптар, техникалык регламенттер.**

Болгону Бирдиктүү бажылык тариф улуттук деңгээлдегиден жогорку деңгээлде кабыл алынат, бирок тараптар менен макулдашылат. Калган маселелерди ар бир өлкө өзү чечет, башкача айтканда бардык Мыйзамдар, ченемдик укуктук актылар ар бир өлкө тарабынан өз алдынча кабыл алынат.

Азыркы учурда Бажы биримдигинин өлкөлөрүнүн бажы чек араларынын бекемделишине байланыштуу, Кыргыз-казак чек араларынан товарларды өткөрүү кыйындады.

Буга жараша «Дордой» жана «Кара-Суу» ири базарларындагы соода токтоп калды. Эгерде ушул бойдон уланып кете турган болсо, Кытай, Түркия, БАЭ менен Кыргызстан аркылуу (Дордой, Кара-Суу, Мадина) Бажы биримдигинин өлкөлөрүнө (Казакстан, Россия) түзүлүп калган соода коридорлору биз үчүн жок болуп кетиши мүмкүн.

Ошондуктан ББга кошулууда базарлардын иши жакшырып кетүүсү мүмкүн. Базарлардын өкүлдөрү КР ББга кошулуусун тездетүүнү сураныштуда.

КР Улуттук банкынын эсептөөлөрү боюнча товарларга болгон баалар жалпысынан 15-20% жогорулашы мүмкүн. Муну менен бирге ББ кирүү оң өзгөрүүлөргө ээ болот. Сатып өткөрүү рыноктору кеңейет, соода, анын ичинде чек арага жакын жерлердеги соода жүгүртүү жакшырат, экономиканын экспортко багытталган секторлорунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт, мунун бардыгы жаңы жумуш орундарын түзүүгө, калктын иш менен камсыз болуу абалын жакшыртууга (айлык акыларды, социалдык төлөмдөрдү көбөйтүү мүмкүнчүлүгүнө оң таасирин тийгизет), ББнын өлкөлөрүнөн Кыргызстанга зарыл болгон товарларды (күйүүчү-майлоочу майларды, тамак-аш продуктуларын, жыгач, металл ж. б.) импорттоодо тоскоолдуктарды жоюуга же азайтууга көмөк көрсөтөт.

Андан аркы Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке кирүү ББ өлкөлөрүндө иштеген биздин эмгек мигранттарыбыздын социалдык шарттарына оң таасирин тийгизет.



## 3. Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине кошулуу боюнча сүйлөшүү процессинин хронологиясы

2011-жылдын апрелинде Кыргыз Республикасы Бажы биримдигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке кирүү боюнча сүйлөшүү процессинин башталышы жөнүндө табыштама (заявка) берген. Ошол эле убакта бул сүйлөшүү процессине жооптуу болгон КР Өкмөтүнө караштуу Ведомство аралык комиссия түзүлгөн.

2011-жылдын октябрында табыштама (заявка) каралып чыккан жана Бажы союзуна кошулуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө карата Бажы биримдигинин жогорку органы тарабынан жактырылган.

2012-жылдын апрелинде бул маселе боюнча Евразиялык экономикалык комиссиянын (ЕЭК) Жумушчу тобу түзүлгөн.

Бул мезгил аралыгында КР ББ кошулуу маселеси боюнча ЕЭКтин жумушчу тобунун 10 жыйыны болуп өттү, бул жыйындардын негизги маселеси болуп КР ББга кошулуу боюнча Жол картасынын долбоорун иштеп чыгуу жана макулдашуу саналат.

2014-жылдын 12-майында Протоколдук чечим менен Ведомство аралык комиссия тарабынан жактырылган КР Бажы биримдигине кошулуу боюнча Жол картасынын долбоору менен КР Өкмөтү макул болду.

Мындан кийин, үстүбүздөгү жылдын 12 – 13-майында Евразиялык экономикалык комиссиясы Жумушчу топтун жана Коллегиянын жыйындарында КР сунуштарын эске алуу менен Жол картанын долбоорунун жыйынтыкталган текстин макулдашты.

КР ББга кошулуусу боюнча иш -чаралардын планы («Жол карта») 2014-жылдын 29-майында Астана шаарында Жогорку Евразиялык экономикалык кеңештин чечими менен бекитилген.

Ошондой эле, төрт мамлекеттин КР жана Бажы биримдигинин өлкө башчылары менен КР Бажы биримдигине кошулуусу боюнча иш-чаралардын планы («Жол карта») жөнүндө арызга кол коюлган.

Бул жыйындын жүрүшүндө КР экономикасынын ББ келишимдик укуктук базасынын шарттарына түрүктуулук жана ыңгайлашуу (адаптация) кызыкчылыктарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын ортосунда мындан ары да экономикалык кызматташуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда евразиялык экономикалык интеграциялоо шарттары жөнүндө макулдашууга кол коюлду.

Бул макулдашуунун алкагында Кыргыз Республикасы жана Россия Федерциясы Кыргыз-Россия Өнүктүрүү фондун эл аралык уюм формасында уюштурушат, анын капиталы 1 млрд АКШ долларын түзүп, эки жылдын ичинде бирдей үлүш менен калыптанат.

Ошондой эле, россия тарап КРнын ББга кошулуусу боюнча Жол картанын иш-чараларын жүзөгө ашыруу үчүн 2 жылдын ичинде 200 млн АКШ доллар өлчөмүндө кайтарымсыз негизде каражаттарды берүүнү камсыздайт.

Бул макулдашуунун алкагында тараптар КР Өкмөтү менен РФ Өкмөтүнүн ортосунда евразиялык экономикалык интеграциялоо шарттарында кызматташуу программасын иштеп чыгышат.

## 4. Жол карта деген эмне? Бул Кыргыз Республикасынын ББга кошулуусу боюнча иш-аракеттердин алгоритми, иш-чаралардын комплекстүү планы

Жол карта төмөндөгүдөй 10 бөлүктөн турат:

1. Бажылык башкаруу чөйрөсү.
2. Техникалык жөнгө салуу чөйрөсү;
3. Санитардык, ветеринардык жана фитосанитардык чаралар чөйрөсү.
4. Транспорт жана инфраструктура чөйрөсү.
5. Бажы-тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу чөйрөсү.
6. Атайын коргоочу, антидемпингдик жана компенсациялык чаралар чөйрөсү.
7. Соода саясат чөйрөсү.
8. Финансылык саясат чөйрөсү.
9. Статистика чөйрөсү.
10. Инфраструктураны өнүктүрүү боюнча башка иш-чаралар.

Жол картага төмөндөгүдөй негизги иш-чаралар киргизилген:

- мыйзамдарды ББнын макулдашууларына шайкеш келтирүү;
- инфраструктуралык кайра өзгөрүүлөр, модернизациялоо, өткөрүү пункттарын жана лабораторияларды жабдуу;
- ББга мүчө-мамлекеттердин ортосунда алып киргендеги бажы алымдарынын суммасын эсептөө жана бөлүштүрүү механизмин иштеп чыгуу;
- кыргыз-казак мамлекеттик чек арасындагы бажы көзөмөлүн жокко чыгаруу;
- ББнын техникалык регламенттери күчүнө киргенге чейин өтмө мезгилдин мөөнөттөрүн аныктоо;
- БСУ менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү ж. б.

ББнын келишим-укуктук базасы товарлардын өтүү маселесин жөнгө салат, бул бажылык башкаруу, тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу, санитардык, ветеринардык, фитосанитардык талаптар, техникалык регламенттер.

Жумуш күчтөрүн өткөрүү маселеси (эмгек миграциясы) Бирдиктүү экономикалык мейкиндиктин макулдашуулары менен регламенттелет.

Жол картасын бекитүү дагы да болсо ББ кошулуу фактысы болуп саналбайт, ал ББ макулдашуулары менен КР мыйзамдарын бир түргө келтирүү үчүн жана инфраструктуралык кайра өзгөрүүлөргө багытталган иш-чаралар үчүн укуктук негиз гана болуп саналат.

КР үчүн ББнын келишим-укуктук базасынын күчүнө киришинин өтмө шарттарынын жана ошондой эле жеңилдиктердин толук пакети КР ББга кошулуусу жөнүндө келишимде бекитилет, ал Жол картасын кабыл алгандан кийин иштелип чыгат. Бул Келишим республиканын ББга кошулуусу боюнча негизги документ болуп саналат, ал Жогорку Кеңештин милдеттүү түрдө жактыруусун жана КР Президентинин кол коюсун кошуп, бардык ички мамлекеттик жол-жоболордон өтөт.

МААЛЫМАТТЫК БЮЛЛЕТЕНЬ
Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги

# КР жана ББнын бардык техникалык регламенттери эл аралык ченемдерге жана эрежелерге ылайык иштелип чыккан

Азыркы учурда, КРде 51 техникалык регламент кабыл алынган, алар жөнгө салуу объектилерине милдеттүү түрдөгү талаптарды (коопсуздук боюнча талаптар) бекитет. Бүгүнкү күндө КР 22 000 жакын стандарттар колдонулат, алар КР техникалык регламенттерин иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат, алардын ичинен 93% мамлекеттер аралык стандарттарды (ГОСТ) түзөт.

Эл аралык стандарттар менен шайкеш келтирүүнүн жалпы деңгээли болжол менен 44% (ал эми РФ - 46%) түзөт. Стандартташтыруу боюнча эл аралык жана регионалдык уюмдардын алкагында, ошондой эле эки тараптуу макулдашуунун негизинде бул көлөм КР экономикасындагы стандарттарга болгон керектигин жабат.

Мындай статистикалык көрсөткүч, ББнын мүчө – мамлекеттеринин колдонуудагы стандарттары менен окшош экендигин көрсөтөт. Бул КРда өндүрүлүп жаткан продукциялар ББнын тийиштүү документтеринин талаптарына шайкеш келишине кепилдик берет.

Ошону менен бирге укуктук документтердин санитардык, ветеринардык жана фитосанитардык бөлүктөрүндө продукцияларга коюлган коопсуздук боюнча талаптар, чек арадагы көзөмөл жана тийиштүү продукциялардын тиркемелеринде кээ бир айырмачылыктар бар.

Ошондой эле ББга кирүүнүн техникалык жөнгө салуу бөлүгүндө ийгиликтүү учурларын белгилей кетсек, тастыктоо боюнча органдары жана сыноо лабораторияларын республика өзү аныктайт, алар ББ тастыктоо жана сыноо лабораториялары боюнча аккредиттелген органдардын бирдиктүү реестрине кошулат. Бул КР органдары ББнын бирдиктүү үлгүдөгү документтерин (шайкеш тастыктамасын, сыноонун протоколдорун) берүүгө укуктуу болот. Биздин өндүрүүчүлөр КРда алган бирдиктүү үлгүдөгү шайкеш тастыктамалары же сыноо протоколдору ББ бардык аймактарында иштейт (жарактуу) ал кайрадан таризделбейт.

Бүгүнкү күндө КР 76 ар кандай багытындагы аккредиттелген сыноо лабораториялары мамлекеттик реестрге киргизилген. Мамлекеттик реестрге киргизилген бардык лабораториялар, эл аралык стандартка ылайык аккредиттелген. Алардын ичинен 20 ашык лабораториялар тамак-аш продукциялары боюнча сыноо өткөрөт.

Мындан сырткары республикада 15 жакын тастыктоо боюнча органдар аккредиттелген, алар тастыктоо боюнча иш алып барат жана өндүрүлгөн, алып келинген продукцияларга шайкеш тастыктамаларын берет.

Улуттук аккредитациялоо боюнча орган болуп Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Кыргыз аккредитациялоо борбору (КАБ) эсептелет. Ал Сыноо лабораторияларын аккредитациялоо боюнча эл аралык уюм ILACтын мүчөсү болуп саналат жана эл аралык стандарттарга гана ылайык аккредитациялоо боюнча иш алып барат. КАБтын бул эл аралык уюмга мүчөлүгү ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн продукцияларын тышкы рынокторго жөнөтүүдө кандайдыр бир мүмкүнчүлүктөрдү берет. Тастыктоо боюнча аккредиттелген органдар жана лабораториялар тарабынан берилген документтер (шайкеш тастыктамалары, сыноо протоколдору) бул эл аралык уюмдун бардык мүчө – мамлекеттери менен таанылат.

Аккредиттелген лабораториялар продукцияга белгилүү бир көрсөткүчтөр боюнча сыноо жүргүзөт, ал аккредитациялоо тармагына ылайык өткөрүлөт. ББнын техникалык регламенттеринин коопсуздук талаптарына ылайык келген бардык көрсөткүчтөр боюнча сыноо жүргүзүүчү лабораториялар жок. Ошондуктан бүгүнкү күндө республиканын алдында турган негизги маселе бул сыноо лабораторияларын модернизациялоо.

Экономика министрлиги тарабынан КР Саламаттыкты сактоо, Айыл чарба жана мелиорация министрликтери жана ветеринардык, фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын, КР ЭМ алдындагы СМБнын сыноо лабораторияларын модернизациялоо жана жабдуу боюнча каражаттарды издөө максатында эл аралык уюмдар менен (JICA, GIZ, USAID, ITC, IFC ж. б.) иштерди жүргүзүп жатат. Мындан тышкары Кыргызстандын ББга кирүү боюнча Жол картасында сыноо лабораторияларын модернизациялоо жана жабдуу үчүн керектүү каражаттар жөнүндө маселе киргизилген.

# 5. КР ББга кошулбагандыгына байланыштуу тобокелдер

Өнөктөш-өлкөлөр менен, биринчи кезекте Россия жана Казакстан менен соода жүргүзүү шарттарынын начарлашы биздин республикабыздын экономикасы үчүн аябай таасирдүү болуп саналат.

КРдин ББга кирбеши көп сандаган кесепеттерге алып келиши мүмкүн:

- мындан ары реэкспортту жүргүзүү мүмкүн болбой калышынан улам Кытай Эл Республикасы (КЭР) менен тышкы соода азаят (КЭРден КРга импорттун 80%



МААЛЫМАТТЫК БЮЛЛЕТЕНЬ
Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги


реэкспорт менен ББ өлкөлөрүнө кетип турат);
- жогоруда көрсөтүлгөндүн натыйжасында соода ишкерлери сатуу рыногун жана түзүлгөн соода байланыштарын жоготушат; ири дүң рыноктордо иштегендер арасында жана «челнок» соодасы менен алектенген чакан ишкерлер секторунда жумушсуздук көбөйөт;
- чакан жана орто бизнестин финансылык абалы начарлайт. Фирмалардын кудуретсиздиги (банкрот) өсөт;
- салык төлөмдөрү азайганынан улам бюджеттин жоготуулары, бюджеттин жетишсиздиги көбөйөт;
- тарифтик эмес тоскоолдуктардын бардык түрлөрүнүн колдонуусу күчөтүлөт, анын ичинде бажы көзөмөлү катаалданат, айыл чарба жана сүт азыктарын алып кирүүгө тыюу салынат;
- экспорттоочулар үчүн чыгымдар көбөйүп, бир катар учурларда экспортту жүргүзүү мүмкүн эмес болуп калат;
- экспортко багытталган секторлордун продукциясын чыгаруу көлөмдөрү азаят (айыл чарба, тигүү жана сүт тармагы);
- экономикалык өсүш темптери бир топ азаят;
- калктын миграциясы бир топко көбөйөт;
- көлөмү 1600 миңден ашык тоннаны түзгөн РФтен ККМдин төлөмсүз жеткирүүлөрү токтотулат.

Ошондуктан бүгүнкү бул кырдаалдын чындыгы Евразия интеграциялык бирикмесинин бөлүгү болуу зарылдыгын белгилеп турат.

# 6. Бажы биримдигине кошуулудан күтүлүүчү «плюстар»

- Биринчи кезекте соода үчүн бажы чектери (чек аралары) жок шарттарды түзүү:
  - чек арада бажылык каттоо болбойт;
  - эгер зарыл болсо тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучулары КНСти жана башка салыктарды төлөө үчүн салык органдарына документтерди тапшырышат;
  - продукцияга болгон талаптар бирдиктүү болот жана продукциянын коопсуздугун тастыктоочу бардык документтер бирдей түрдө болот.
- Бажы биримдигинин ички чек араларында формалдуулуктарды, жыйымдарды жана бажылык көзөмөлдү жокко чыгаруу жана транзиттин эркин болушу тышкы соода иштеринин катышуучуларынын чыгымдарын кыскартат жана республиканын дүң рынокторунун иши үчүн пайдалуу шарттарды түзөт. Ошентип, АӨБ тарабынан жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтары боюнча 2011-жылдын июлунан тартып Казакстандын жана Россиянын ортосундагы чек арадан жүк ташуучу автомобилдердин өтүү убактысынын орточо чыгымдарын кескин кыскартууга көмөк көрсөттү, 2011-жылы 7,7 саатты түзсө, 2012-жылы 2,9 саатка чейин кыскарды;
- Кыргызстанга инвестициялардын келиши көбөйөт деп болжолдонууда, анда ири долбоорлор жүзөгө ашырыла баштайт. Инвесторлор ББ өлкөлөрүнөн гана эмес, Кытай, Түркия, Корея жана башка мамлекеттерден да келет, анткени алар үчүн бажы алымдарысыз жана тоскоолдуктарсыз ири рынок ачылат. Өнөктөш-өлкөлөрдүн көптөгөн потенциалдуу инвесторлору Кыргызстандын ББга кошулуусу боюнча сүйлөшүүлөрдүн аякташын күтүп жатышат;
- Кыргызстан өзүнө көптөгөн секторлордо (анын ичинде агро өнөр жай комплексин, текстиль-тигүү индустриясын жана башкаларды кошуп) өндүрүштүк ролду алууга жарамдуу. Бул секторлор ББга кошулуудан утушта болушат, алардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогорулайт жана сатуу рыноктору ачык болот;
- ББнын талаптарына ылайык сыноо лабораторияларын модернизациялоо боюнча иштердин жүргүзүлүшү, ББнын өлкөлөрүнө гана эмес алыскы чет мамлекеттерге да биздин экспорттун жогорулашына түздөн түз таасирин тийгизет;
- КРдин ББга жана БЭМге мүчөлүгү ББ өлкөлөрүндө биздин жарандардын эмгек миграциясын жүзөгө ашырууга байланыштуу көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет, анткени ББга мүчөлүк БЭМге интеграциялоонун тепкичи болуп саналат. БЭМге мүчөлүк – бул союз өлкөлөрдүн эмгек мигранттары үчүн жагымдуу шарттарды, жумушка орношуунун жолжоболорун жеңилдетүүнү жана эмгек мигранттар, алардын үй-бүлөлөрү үчүн жашоонун социалдык шарттарын жакшыртууну берет;
- гидроэнергетика, мунай зат, газ тармагында, турак жай жана транспорттук инфраструктуранын курулушундагы материалга сыйымдуу долбоорлорду жүзөгө ашырууда республикага өзгөчө керектүү болгон мунай зат продуктулары, жыгач материалдары, металл, прокат сыяктуу стратегиялык маанилүү товарларды алымсыз ташып келинет.

ББга кошуулудагы бардык көйгөйлөр автоматтык түрдө чечилбейт, ар кандай татаалдыктар болот, бул коркунучтарды минималдаштыруу үчүн аларды чечүү абдан зарыл.

# 7. Бажы биримдигине кошулуудагы мүмкүн болгон терс натыйжалар

1) Бизге үчүнчү өлкөлөрдөн (алыскы чет мамлекеттер) импорттолуп келген товарлардын белгилүү бир түрлөрүнө баалардын өсүшү.

Бизге ББнын жана КМШнын өлкөлөрүнөн импорттолуп келген товарлардын наркы жогорулабашы керек, анткени тескерисинче, бажылык жана тарифтик эмес тоскоолдуктарды кыскартуунун жана өлкөлөрдүн ортосундагы товардык агымдардын өтүүсүн тездетүүнүн эсебинен төмөндөйт.

Статистика көрсөткөндөй бардык стратегиялык товарларды биз ББ өлкөлөрүнөн алып келебиз, эгерде баа жогорулаган болсо, анда күнүмдүк керектелүүчү товарларга эмес, башка товарларга болушу мүмкүн.

2) КЭРден импорттун кыскарышы, дүң соодадагы жумуштуулуктун жана бюджетке келип түшүүлөрдүн азайышы.

Импорттун кыскарышынан кирешенин төмөндөшү ББнын Бирдиктүү бажы тарифине түүдө бажы алымдарынын ставкасынын жогорулашы менен бир кыйла компенсацияланат.

3) Экономикалык жагдайдын өнүгүшүнүн бир нече сценарийи каралууда жана талдоо көрсөткөндөй, ИДПнын өсүш темпи волатилдүү б.а. өзгөрмө болот. ИДПнын өсүү темпинин төмөндөшү жана жогорулашы да күтүлүүдө. Мунун бардыгы жүргүзүлүп жаткан ички экономикалык саясаттын жана мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугунан (эффективдүүлүгүнөн) көз каранды болот.

Ошол эле убакта:

- инвестициялардын келүүсүнүн;
- жеңилдетилген «узак кредиттерди» пайдалануунун;
- жабдуу лизингинин;
- кошумча жумуш орундарын түзүүнүн;
- соода агымдарынын өсүшүнүн эсебинен экономиканы өнүктүрүүдө оң тенденциялар камсыздалат, биздин жарандардын жашоо деңгээлинин жана жетиштүүлүгүнүн өсүшү болот.

Ошондуктан, биздин республика ББга кошулганда өнүгүүнүн эң начар сценарийин болтурбоо үчүн, жогорку мамлекеттик деңгээлде ББнын өнөктөш-өлкөлөрү менен Бажы биримдигине кошулганда КР экономикасына колдоо көрсөтүү боюнча бирдиктүү программаны иштеп чыгуу жөнүндө макулдашууга жетишти. Азыркы учурда бул маселе боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп жатат.

Бажы биримдиги – бул көз карандысыз мамлекеттердин бирдиктүү соода режимине биригүүсү, б.а. Бажы биримдигинин өлкөлөрүнүн ичинде товарларды эркин которуштурууну уюштуруу.

Алыскы чет өлкөлөрдөгү бажы биримдигинин аналогдору: Евробиримдик өлкөлөрү, НАФТА (эркин соода жөнүндө түндүк америкалык макулдашуу) өлкөлөрү, Меркосур (Түштүк америкалык жалпы рынок) өлкөлөрү, АСЕАН (Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринин ассоциациясы) өлкөлөрү.



Министрдин орун басары Д.Ибраев башында турган Соода саясаты башкармалыгы